**«БЕКИТЕМИН»**
**Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын ректору, п.и.к., профессор**
**Иманалиев Т.Т.**

_______________________

«__18__» ____09____ 2020-ж.

**Омурова Айна Молдогазиевнанын** «Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы» аттуу темадагы 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын тилдер кафедрасы менен педагогика жана психология кафедрасынын кеңейтилген жыйынындагы талкуунун №1 токтомунан

**КӨЧҮРМӨ**

Бишкек шаары, 2020-жыл, 18-сентябрь.

Жыйындын төрайымы - М.Х. Манликова – КМЖДжСАнын тилдер кафедрасынын профессору, педагогика илимдеринин доктору.
Жыйындын катчысы - Н.А. Абдыбекова – педагогика илимдеринин кандидаты, ага окутуучу.

**ЖЫЙЫНГА КАТЫШКАНДАР:**

М.Х. Манликова – педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02)
Ж.А. Чыманов – педагогика илимдеринин доктору, профессор. (13.00.02)
Б.С. Чоконова – педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02)
М.К. Саралаев – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.04)
Т.Т. Иманалиев – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.04)
Т.М. Тулекеев – медицина илимдеринин доктору профессор (14.00.02)
В.И. Мусаева – педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02)
А.О. Кармышаков – филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.01.10)
К.У. Мамбеталиев – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.04)
Н.А. Абдыбекова – педагогика илимдеринин кандидаты, (13.00.04)
Ж.М. Кандиева – ага окутуучу
У.К. Тажибаева – окутуучу
А.Т. Ормонова – окутуучу
Н.Э. Эрбалтаева – окутуучу
М.К. Кокумбаева – окутуучу
Э.Д. Капсаламова – окутуучу
Э.Р. Тоялиева – окутуучу

## КҮН ТАРТИБИНДЕ:

1. Изденүүчү **Омурова Айна Молдогазиевнанын** «Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы» аттуу темадагы 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.

**Илимий жетекчиси** – педагогика илимдеринин доктору, профессор Мусаева Венера Инятовна.

Илимий иштин темасы жана илимий жетекчиси 2015-жылдын 27-февралында Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын Окумуштуулар кеңешининин№ 7 протоколу менен бекитилген.

Изилдөө Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын тилдер кафедрасында аткарылган.

Талкууну жыйындын төрайымы, педагогика илимдеринин доктору, КМЖДжСАнын тилдер кафедрасынын профессору **М.Х. Манликова** ачып, күн тартибинде каралуучу маселе менен тааныштырып, илимий иштин мазмунун баяндап берүү үчүн диссертантка сөз берди.

**Изденүүчү А. М. Омурова:** Урматтуу төрайым жана талкуунун катышуучулары! «Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы» аттуу темадагы 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишибиздин негизги мазмуну менен тааныштырууга уруксат этиңиздер!

**Изилдөөнүн актуалдуулугу:** Ата Мекенибиздеги педагогикалык, кыргыз тилди окутуунун методикалык маселелер боюнча көрүнүктүү окумуштуу-педагогдор, кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун методикасы боюнча 1920-30-жылдардагы И.Арабаев, С.Нааматов, К.Тыныстановдон баштап, кийинки К.К.Сартбаев,А.Осмонкулов, Б.Өмүралиев, К.Д.Добаев, Н.Ишекеев, Ж.А.Чыманов, С.Байгазиев, А.Муратов, К.А.Биялиев, С.Момуналиев, С.К Рысбаев, М.Х.Манликова, В.И.Мусаева, С.Т.Батаканова, Н.Ахметова, С.Сакиева,А.Мукамбетова, ж.б. өздөрүнүн илимий-методикалык эмгектерин, окуу-методикалык куралдарын жана монографияларын жазышкан.

ЖОЖдун методикасынын бардык талаптарына жооп берген толук кандуу окуу китеби жок экени, ал эми программалар ЖОЖдун өзгөчөлүгүн эске алуу менен кошумча иштелмелерди талап кылары жөнүндө жыйынтык чыгарууга жол түздү. Белгиленген окумуштуулардын эмгектеринде дене тарбия багытындагы мугалимдердин кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү боюнча изилдөөлөр болбогондугу биздин иштин актуалдуулуган айгинелеп турат.

**Изилдөөнүн максаты:** дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасын иштеп чыгуу жана анын жыйынтыктуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү.

Бул максатка ылайык төмөндөгүдөй **милдеттерди** чечмелөө талап кылынды:

1.Жогорку окуу жайларындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү жаатындагы илимий-теориялык жана илимий-методикалык изилдөөлөрдүн тарыхын талдоо жана анын дидактикалык принциптерин аныктоо;

2.Дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү боюнча изилдөөнүн материалдары жана педагогикалык эксперименттик метод.

3. Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун ыкмаларын, формаларын жана окутуунун мазмунун аныктоо менен методикасын иштеп чыгуу

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу:**

- дене тарбия багытындагы студенттердин сөздүк корун байытуунун жана тилдик асыл дөөлөттөр, адамдын сак-саламатчылыгы тууралуу баалуулуктар түшүнүктөрүн учурдагы заманбап окутуп-тарбиялоо технологиясы менен тастыкталды;

- студент-жаштардын кыргызча сөздүк корун байытуунун педагогикалык шарттары аныкталды жана кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү методикасынын теориялык модели иштелип чыгып, окуу процессинде сыноодон өткөрүлдү.

- дене тарбия багытындагы студенттерге эне тилин окутуунун негизинде алардын кыргызча сөздүк кордун байытуунун кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн илимий-теориялык жана илимий-методикалык негиздери иштелип чыгылды;

- **Изилдөөнүн теориялык негизине** дене тарбия багытындагы студенттердин кыргызча сөздүк корун байытуунун илимий багыттары, кыргыз тили сабагында кеп ишмердүүлүгүнө окутуунун методикасы, кеп маданияты илими боюнча илимий изилдөөлөр, инсанды дене тарбия жагынан өнүктүрүү теориясы, жеке инсандын сак-саламатчылыгына багытталган окутуу методологиясы, тилдик-коммуникативдик жактан окутуп-тарбиялоонун теориялык маселелери камтылат.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү:** илимий иштин материалдары жогорку окуу жайларында кыргыз тилин жаңылатылган багыттоодо окутууда, кыргыз тилин окутуунун программаларын, стандарттарын, концепциясын, окуу-методикалык комплектерди түзүүдө, дене тарбия багытынан тышкары филолог эмес факультеттердеги студенттерди даярдоодо жана бул темага байланыштуу илимий изилдөөлөрдү улантууда пайдаланышы мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого чыгаруучу негизги жоболору:**

- азыркы учурда замандын талабына ылайык көп тараптан өнүккөн, чыгармачыл, өз эне тилин урматтап-сыйлаган, адептүү сүйлөө маданиятына ээ, мекенчил, тилди, маданий-асыл дөөлөттөрүбүздү сактап кала турган, өзүнүн сак-саламатчылыгына кам көргөн, ага аң-сезимдүү, маданияттуу мамиле жасаган дене тарбиясы жагынан туура өнүккөн студенттердин

тилдик-коммуникативдик кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү, сөз корунун бай болушу коомдун өнүгүшүндө маанилүү ролду ойнойт;

- дене тарбия багытындагы студенттерди кыргызча кеп адебине окутуунун негизинде сөздүк корун байытуунун модели окутуунун мазмунун терендетүү менен аталган проблеманы чечүүгө системалуу мамиле жасоонун теориялык, практикалык негиздерин да камтыйт;

- дене тарбия багытындагы студенттердин сөздүк корун байытуу менен тилдик-коммуникативдик ыкмаларга үйрөтүүнүн илимий-теориялык негиздеринин иштелип чыгышы жана кыргыз тилин окутууда анын усулдары, формаларынын колдонулушу кеп ишмердүүлүгүн ишке ашырууга өбөлгө болот.

**Изилдөөнүн натыйжалары (апробациясы):** негизги теориялык тыянактардын тууралыгы, иштелип чыккан методикалык сунуштардын натыйжалуулугу Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынынпедагогика жана улуттук спорттун түрү, машыктыруу, аскерге чейинки даярдоо жана дене тарбия факультеттеринин студенттери менен педагогикалык эксперименттик метод аркылуу текшерилди. Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары республикалык илимий-практикалык конференцияларда жана эл аралык симпозиумдарда талкууланды.

Диссертациялык изилдөөнүн мазмуну боюнча 14 илимий методикалык макала, анын ичинен 2 макала чет өлкөдөн жарык көрдү жана 1-2-курстун студенттерине окуу куралы түзүлүүдө.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү:** диссертация киришүүдөн, үч главадан, жалпы корутунду жана практикалык сунуштардан, 131 аталыштагы колдонулган адабияттардан тизмесинен, 13 сүрөттөн, 12 таблицадан жана тиркемеден турат.Иштин көлөмү 152бет.

"Жогорку окуу жайларда кыргыз тилин окутууда студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү жаатындагы илимий-теориялык жана методикалык-изилдөөлөр" деген аталыштагы **биринчи главада** жогорку окуу жайларынын окуу-нормативдик документтеринде кеп ишмердүүлүгүнүн орун алуусу талдоого алынды. Тактап айтканда, «Дене тарбия» багыты (532000) боюнча Мамлекеттик стандарт КМДТСАсынын окуу-усулдук бирикмесинде 2012-жылы иштелип чыккан. Аталган документте: 1-ден, мамлекеттик тилдин грамматикасын, лексикасын, орус тилин жана бир чет тилди билүү менен сөз байлыгы 2000 сөздөн кем эмес болуш керектиги; 2-ден, кыргыз тили, орус тили жана бир чет тилинин негизги сөздөрүнүн жана кесиптик сөздөрдүн айтылышынын эквиваленттерин билүү зарылдыгы белгиленген.

"Дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору" аттуудиссертациянын **экинчи главасында** изилдөөнүн обьектиси менен предмети төмөнкүдөй аныкталды:

**Изилдөөнүн объектиси:** дене тарбия багытындагы жогорку окуу жайларындагы студенттерге кыргыз тили сабагын окутуу процесси. Буга ылайык илимий-теориялык адабияттарды үйрөнүү, байкоо, талдоо жана

синтездөө, алдыңкы иш тажрыйбаларды жалпылаштыруу, педагогикалык эксперимент методдору менен илимий-изилдөө ишке ашырылды.

**Изилдөөнүн предмети** - дене тарбия адистигиндеги студенттерге кыргыз тили дисциплинасын окутууда студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү илимий изилдөөнүн негизги материалдары болуп саналат.

**Изилдөөдө тарыхый-хронологиялык метод** аркылуу кыргыз тили боюнча алгачкы окуу куралдары талдоого алынды. Ошондой эле, байкоо методу, салыштыруу методу жана жалпылоо методдору аркылуу студенттердин билим деңгээлдери териштирилди. Тажрыйбанын бардык этабында студенттер менен аңгемелешүү методу, сурамжылоо методу, анкета алуу методдорун, талдоо методу жана анализдөө, статистикалык методдорду да жигердүү пайдаландык.

**Экинчи главада** дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү жаатында иштелип чыккан ыкмалар, методдор студенттерге мурдагы “Кыргыз тили” азыркы “Кыргыз тили жана адабияты” дисциплинасынокутуу процессинде педагогикалык экспериментте сыноого коюлуп, тиешелүү жыйынтыктар алынды. Педагогикалык эксперименттик метод биз тараптан иштелип чыккан автордук окуу программасынын негизинде ишке ашырылды. Аталган программа диссертациялык эмгектин тиркемесине киргизилди.

Учурдун талабына ылайык келген ар тараптуу заманбап инновациялык технологияларды мисалы: аудио угуу, видео көрүү, окуу тасмаларын, интерактивдүү доскаларды, көрмө окуу фильмдерин, слайддарды, электрондук окуу китептерин, окуу планшеттерин, интернеттик окуу планшеттерин, тилдик-энциклопедиялык маалыматтык сөздүктөрдү, сүрөттүү котормо тексттерди, кептик үлгүлөрдү, диалогдорду, интерактивдик методдорду, жуп менен, топ менен иштөө, изилдөөчүлүк-долбоор түздүрүү методдорун ж.б. алгылыктуу, оптималдуу пайдалануу аркылуу инсанга багыттап окутуу менен проблемалык кырдаал түзүүгө, студенттин кеп ишмердүүлүгүн толук кандуу калыптандырууга улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды кастарлай билген, сүйлөө маданияты жогору, адептүү, кыргыз элинин чечендик өнөрүн кадырлай билген студенттерди окутуп-тарбиялоого ыңгайлуу шарттар түзүүгө аракеттер жасалды.

Педагогикалык эксперименттик методдун башкы максатын ишке ашыруу үчүн эксперименттик иштер үч этапка бөлүнүп жүргүзүлдү.

**Биринчи этапта** (2015-2016-ж.ж.) изилдөөнүн темасына байланыштуу ЖОЖдордо окутуунун теориялык жана практикалык проблемаларына арналган адабияттар, педагогика жана психология, кеп маданиятына байланыштуу илимий эмгектер окуп үйрөнүлдү. Дене тарбия багытындагы студенттердин сөздүк корун байытууну калыптандыруунун дидактикалык принциптери, модели жана педагогикалык техникасы иликтөөгө алынды. Аталган этаптын негизги максаты - дене тарбия адистигиндеги студенттерге Кыргыз тили окуу дисциплинасында кеп маданиятын окутуунун, кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн практикадагы ал-абалын иликтөөгө алуу;

Илимий адабияттарга талдоо жүргүзүүнүн негизинде кептин негизги коммуникативдик-максаттуу белгиси катары кептин тууралыгы, тазалыгы, адептүүлүгү, көркөмдүүлүгү аныкталды. Кыргыз тили сабагында кеп маданиятын, окутуунун учурдагы ал-абалы аныкталды.

Ал эми студенттердин кеп маданиятынын (фонетикалык, грамматикалык, лексикалык) деңгээлин аныктоо үчүн кеп маданиятынын көрсөткүчтөрүн баалоонун шкалалары иштелип чыкты жана аны өнүктүрүүнүн деңгээлдери аныкталды (жогорку, орто, төмөн).

Студенттердин пайыздык көрсөткүчү текшерүүчү топтор боюнча жогорку деңгээл – 20%, ортоңку – 57% төмөнкү деңгээл – 24% ды түздү. Ал эми эксперименттик топтордо жогорку деңгээл – 28%, ортоңку – 59% төмөнкү деңгээл – 13% болду.

Жогорку деңгээлдеги айырмачылык 8%, ортоңку денгээлдеги айырма 2%, төмөнкү денгээлдеги айырма 11%ды түздү. Жыйынтыктап чыкканда өздөштүрүүнүнөсүшү орто эсеп менен **7%** ды түздү.

Тажрыйбадан алынган оң жыйынтыктар биз тараптан коюлган илимий божомолдун туура экендигин жана изилдөөнүн алдына коюлган милдеттер натыйжалуу ишке ашырылгандыгын далилдеди.

“Кыргыз тилин окутууда кыргыз элинин оюндары, акын жазуучулардын чыгармалары, “Манас” эпосу аркылуу студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун мазмуну жана жолдору” аттуу **үчүнчү главада** кыргыз тилин окутууда кыргыз элинин дидактикалык жана улуттук оюндары аркылуу студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн ыкмалары, формалары иштелип чыкты.

Изилдөөбүздүн мазмуну, негизинен, жогорку окуу жайлар арасындагы семинарларда, тренингдерде, илимий-практикалык конференцияларда, Эл аралык симпозиумдарда доклад, маалымдоо, баяндама, илимий макала, талкуу, дебат ж.б. түрүндө сунушталды жана окутуу процессине жайылтылды.

Ар бир главага карата жыйынтыктар жана ошондой эле, жалпы корутунду чыгарылды. Бул багытта келечекте иштеле турган иштерге карата практикалык сунуштар иштелип чыкты.

Көңүл бурганыңыздар үчүн терең ыраазычылык билдирем!

ИЗДЕНҮҮЧҮГӨ КАРАТА СУРООЛОР ЖАНА АГА ЖООПТОР:

**Төрайым п.и.д., профессор М.Х. Манликова:** Пожалуйста, коллеги, можете задать вопросы соискателю **Омуровой Айне Молдогазиевне.**

**П.и.д., профессор М.Х. Манликова:** Концепция развитие государственного языка на 2016-2020 г.г. по уровням? Какой уровень на формирующего?

**Изденүүчү А.М.Омурова:** Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн 2016-2020-ж.ж. концепциясында белгиленген деңгээлдерин кароо ишибизде көз жаздымда калган жок. Биздин ишибиз эне тили кыргыз тилдүү студенттер менен кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү болгондуктан C1, C2 деңгэлдери менен

боюнча иш алып бардык. Дене тарбия багытындагы студенттерди деңгээлдер аныкталып, С1-С2 деңгелдери менен кеп ишмердүүлүгүнүн сүйлөө, угуу, жазуу, окуу багыттары боюнча сөз өстүрүрүү жүргүзүлдү. Эч кимге деле жашыруун эмес деп ойлойбуз биздин академияга студенттердин билими мектептен солгунуурак болуп келет, тайпаларда өйдө-ылдый деңгээлдер кездешет.

**П.и.д., профессор М.Х. Манликова:** Кыргызский язык и литература – как это отразилось в вашей методике? Какие компетенции? Какие изменение сформированных компетенции?

**Изденүүчү А.М.Омурова:** Кыргыз тили жана адабияты биздин ишибиздин негизи өзөгү, ошондуктан спорттук педагог, машыктыруучу оозеки жана жазма адабий тилдин ченемдерин, кыгыз тилдин грамматикасын, сөздөрдү пайдалануу эрежелерин, тууралык, тазалык, тактык, логикалуулук сыяктуу ж.б. коммуникативдик сапаттарды билдирүү шарт. Адабияттан “Манас” эпосу, Жеңижок, Токтогул, Барпы сыяктуу алп акындарыбыздын "Аккан суу" санат ырлары, Осмонов А., “Ден соолук”, “Ата журт” акын жазуучуларыбыздын чыгармаларын ар кандай методикалык ыкмалар менен мисалы: видо-сабак, дебат – дискуссия сабагы, ыр ырдоо, аудио, видио угузуу, спорт коментарий, сабагы сөдүктөр менен итөө – синонимдик, антонимдик, фразеологиялык, түшүндүрмө, терминологиялык сөздүктөр менен иштөө, дил баяндын түрлөрүн жаздыруу, диологдук, монологду, полилогдук методдору колдонулду. Жогоуда көрсөтүлгөндөй кеп ишмердүүлүгүнүн угуу, көрүү, окуу, сүйлөө, жазуу аркылуу сөздүк корунун байышына коммуникативдик компитенцияларга ээ болушат.

**П.и.д., профессор М.Х. Манликова:** Сколько занятий, по какие часами проводилось экссперменты заниятие? Сколько студенту охвачено, курсы?

**Изденүүчү А.М.Омурова:**2016-окуу жылынан баштап илимий ишибизди эксперментгик, текшерүүчү тайпалар педагогикалык спорттун улуттук түрү, машыктыруучу, аскерге чейинки даярдык жана дене тарбия факультетинин 1-2- курсунун студенттери катышты, жалпы саны 1000 ашык студент, 120 саат.

**П.и.д., профессор М.Х. Манликова:** Речевая деятельность аудирование, слушание, говорение, чтение, письмо как это отразилось в вашей методике?

**Изденүүчү А.М.Омурова:** Акыркы суроонузга жогоруда жооптор айтылып кетти, дагы тактап айта кетсем аларды кайра кайталоонун кажети жок деп эсептейм.

**П.и.к., доцент М.К. Саралаев:** Педагогикалык экспериментке катышкан студенттердин экспериментaлдуу, контролдук группалардагы студенттердин саны, сапаты жөнүндө айтып берсеңиз.

**Изденүүчү А.М.Омурова:** Педагогикалык тажрыйбага Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, аскерге чейинки физикалык даярдык жана спорт факультеттеринин бюджеттик жана келишимдик негизде окуган биринчи жана экинчи курстун студенттери

тартылды. Педагогика факультетинин 1-курсунан 125 студент, 2-курсунан 97 студент, Аскерге чейинки физикалык даярдоо факультетинин 1-курсунан 50 студент, 2-курсунан 30 студент, спорт факультетинин 1-курсунан 50 студент, 2-курсунан 42 студент катышты. Эксперименталдык топтогу студенттерде калыптанган кеп ишмердигинин сапаттык жана сандык көрсөткүчтөрүнүн деңгээлинин туруктуу түрдө жакшырышы байкалды. Орточо балл эксперименталдык топто – 4, текшерүүчү топто – 3,6 болду.Педагогикалык экспериментке катышкан студенттер үч факультеттин педагогика жана спорттун улуттук түрү, машыктыруу, аскерге чейинки даярдык жана дене тарбия факультеттеринин 1-2-курстарынан 1384 студент катышты. Эксперименттин жүрүшүндө сапаты боюнча педагогика жана спорттун улуттук түрү факультетинин студенттери катышуу, тартиби боюнча аскерге чейинки даярдык жана дене тарбия факультеттеринин студенттери артыкчылык көрсөтүштү.

**П.и.к., доцент М.К.Саралаев:** Ар кандай илимий ыкмаларды пайдаланган экенсиз ошонун арасында математикалык статистиканы пайдаландыңызбы же жокпу?

**Изденүүчү А.М.Омурова:** Математикалык статистика биздин ишибиздин экинчи главасында педагогикалык эксперименттерге тиешеси болгондуктан жана ага байланышкандыктан, албетте, пайдаландык.Математикалык статистиканбын жардамы менен педагогикалык эксперименттердин жыйынтыктарынын сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрү чыгарылды.

**П.и.к., доцент М.К.Саралаев:** Диссертацияга коюлган талаптарды инструцияны пайдаландыңызбы?

**Изденүүчү А.М.Омурова:** Диссертацияга коюлган талаптарды пайдаландык. Илимий ишибиз бүтүндөй түрдө диссертацияга коюлган талаптардын инструциянын негизинде ишке ашырылды. Дагы бир жолу инструцияны менен карап чыгабыз.

**П.и.к., доцент М.К. Саралаев:** Дене тарбияга жана спортко тиешелүү кандай адабияттар колдонулду?

**Изденүүчү А.М.Омурова:** Дене тарбияга байланыштуу бир катар адабияттарды кылдаттык менен карап чыктык. Айрыкча, кыргыз элинин кыймылдуу оюндары боюнча Х.Анаркуловдун элдик оюндардын классификациясын камтыган эмгектерин жана башкаларды да колдондук. Ошондой эле, М.Т.Абдулдаев М.Кийизбаев, Ч.Акматов, Токторбаев, Илебаев, ж.б. эмгектери да талданды.

**П.и.к., доцент К.У. Мамбеталиев:** Айна Молдогазиевна, эмне себептен улуттук оюндары менен чектелгенсиз?

**Изденүүчү А.М.Омурова:** Кыргыз элинин байыртан бери калыптанып келген миңдеген элдик оюндары бар. Алар маданий мурас катары улуттук баалуулуктардын катарына кирет. Ал оюндардын түпкү максаты - көңүл ачуу же убакыт өткөрүү үчүн гана эмес, эң башкысы, ден соолукту чыңдоо, дене түзүлүшүнүн чың болуусуна кам көрүү, дене маданиятына тарбиялоо менен бирге эле спортко байланыштуу кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү да болуп

саналат. Тилекке каршы, мына ошол элдик оюндарыбыз азыркы учурда унутулуп, улуттук оюндарыбыз ойнолбай калып бара жатканы, албетте, өкүнүчтүү. Биздин максат - ошол улуттук оюндарды ойноодогу анын лексикасын кайрадан жандандыруу менен жаштардын, келечек педагог адистердин спорт жаатындагы кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу болду.

**М.и.д., профессор Т.М. Тулекеев:** Сиздин темаңыз боюнча Кыргызстанда илимий иш жазылганбы?

**Изденүүчү А.М.Омурова:** Кыргызстанда дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү багытында жазылбаган, албетте, биринчи илимий иш болуп саналат. Ошону менен бирге эле, биздин Кыргыз мамлекеттик дене тарбияжана спорт академиясы уюшулгандан бери, деги эле анын тарыхында кыргыз тили жаатында иштелген алгачкы диссертация болуп саналат. Ал эми жалпы эле кеп ишмердүүлүгү боюнча буга чейин бир топ илимий эмгектер жазылгандыгы белгилүү. Мисалга алсак, Добаев К.Д., Чыманов Ж.А., Биялиев К.А. ж.б.докторлук иштерди иштеп, илимий иш коргошкон.

**М.и.д., профессор Т.М. Тулекеев:** Сиздин илимий эмгегиңизде эмне илимий жаңылык киргизилди?

**Изденүүчү А.М.Омурова:** Биздин илимий ишибиздеги илимий жаңылыкты төмөндөгүлөр менен чечмелекчибиз:

1-ден, дене тарбия багытындагы студенттердин сөздүк корун байытуунун жана тилдик асыл дөөлөттөр, адамдын сак-саламатчылыгы тууралуу баалуулуктар түшүнүктөрүн учурдагы заманбап окутуп-тарбиялоо технологиясы менен тастыкталды;

2-ден, дене тарбия багытындагы студенттерге эне тилин окутуунун негизинде алардын кыргызча сөздүк кордун байытуунун кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун илимий-теориялык жана илимий-методикалык негиздери иштелип чыкты;

3-дөн, дене тарбия багытындагы студент-жаштардын кыргызча сөздүк корун байытуунун педагогикалык шарттары аныкталып жана анын теориялык модели иштелип чыгып, окуу процессинде сыноодон өткөрүлдү.

**Ф.и.к., доцент А.О. Кармышаков:** Дене тарбия багытындагы студенттердин тилин байытууну улуттук спорттук түрү менен эле чектегенсизби?

**Изденүүчү А.М.Омурова:** Акыркы учурда, тилекке каршы, нукура улуттук спорттун түрлөрү унутулуп калгандыгына байланыштуу биз дал ошол маселеге кайрылууну туура көрдүк. Кыргыз элинин байыртан бери калыптанып келген миңдеген элдик оюндары бар. Алар маданий мурас катары улуттук баалуулуктардын катарына кирет. Ал оюндардын түпкү максаты - көңүл ачуу же убакыт өткөрүү үчүн гана эмес, эң башкысы, ден соолукту чыңдоо, дене түзүлүшүнүн чың болуусуна кам көрүү, дене маданиятына тарбиялоо менен бирге эле спортко байланыштуу кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү да болуп саналат. Тилекке каршы, мына ошол элдик оюндарыбыз азыркы учурда унутулуп, улуттук оюндарыбыз ойнолбай калып бара жатканы, албетте, өкүнүчтүү. Биздин башкы максат жана милдет

- ошол улуттук оюндарды ойноодогу анын лексикасын кайрадан жандандыруу менен жаштардын, келечек педагог адистердин спорт жаатындагы кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу болду.

**Ф.и.к., доцент А.О. Кармышаков:** Контингент кыргыз тилдүүбү же орус тилдүүбү? Дене тарбия багытындагы студенттер болгондуктан башка спорттун түрлөрүнүн терминдерин, эмнегедир, колдонгон эмессиз, улуттук спорттун түрлөрү менен гана чектелгенсиз, эмне себептен?

**Изденүүчү А.М.Омурова:** Илимий изилдөөнү кыргыз тилдүү тайпаларда жүргүздүк. Ал эми башка дүйнөлүк спорттун түрлөрү боюнча атайын терминологиялык сөздүк түзгөнбүз. Ал терминологиялык сөздүктү түзүүтүздөн түз катышканбыз. Ошондой эле ал сөздүктү ар дайым сабак учурунда колдонобуз.Кийинки суроонузга жогоруда жооптор айтылды, бирок, ошентсе да, албетте, дагы кайталайбыз: Кыргыз элинин байыртан бери калыптанып келген миңдеген элдик оюндары бар. Алар маданий мурас катары улуттук баалуулуктардын катарына кирет. Ал оюндардын түпкү максаты - көңүл ачуу же убакыт өткөрүү үчүн гана эмес, эң башкысы, ден соолукту чыңдоо, дене түзүлүшүнүн чың болуусуна кам көрүү, дене маданиятына тарбиялоо менен бирге эле спортко байланыштуу кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү да болуп саналат. Тилекке каршы, мына ошол элдик оюндарыбыз азыркы учурда унутулуп, улуттук оюндарыбыз ойнолбай калып бара жатканы, албетте, өкүнүчтүү. Биздин максат - ошол улуттук оюндарды ойноодогу анын лексикасын кайрадан жандандыруу менен жаштардын, келечек педагог адистердин спорт жаатындагы кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу болду.

**П.и.к. Н.А. Абдыбекова:** Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүдө педагогикалык шарттарды айтып койсонуз.

**Изденүүчү А.М.Омурова:** Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүдө педагогикалык шарттарга, албетте, жогорку окуу жайлардын окуу стандарттары, концепциялары, окуу-нормативдик документтери, типтүү окуу программалары, окуу-методикалык комплекстери, окуу куралдары, жумушчу окуу программаларынан баштап, студент менен окутуучунун өз алдынча иштерине чейин камтылды. Ошону менен бирге эле, кыргыз тилин мамлекеттик тил катары өнүктүрүүгө арналган план-программалар да эске алынды.

**П.и.к Абдыбекова Н.А.**: Интеграцияланган сабактар деп айтпадыңызбы, кайсыл сабактар менен интеграциялап өткөздүңүздөр?

**Изденүүчү А.М.Омурова:** Интеграцияланган сабактар, интеграцияланган темалар, интеграцияланган бөлүмдөр, дисциплиналар арылк интеграциялап окутуу деген ж.б. түшүнүктөр окутуу процессинде орун алып келет. Кыргыз тили жана адабияты да интеграцияланган сабак. Кыргыз спортун өнүктүрүү багытындагы улуттук оюндардын түрү боюнча адистигине ээ боло турган студенттердин адистик сабактарында интеграйиялап окутуу менен алардын спорт жаатында кеп ишмердүүлүктөрүн калыптандыруу иретинде мисалы: чүкө оюндарынын ойнолушундагы анын лексикасын, тил каражаттарын окутуу, ордо оюну

боюнча анын лексикасын, тил каражаттарын окутуу, кыймылдуу оюндардын лексикасын, тил каражаттарын окутуу, акыл-эс менен ойноло турган оюндардын лексикасын, тил каражаттарын окутуу ж.б. Мында, албетте, окуу дисциплиналары арасында, алардын темаларынын ичинде интеграцияланган сабактар өткөрүлүп, практикаланды.

**Окутуучу У.К. Тажибаева:** Кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүдө ар кандай методдорду колдонгонуңузду айттыңыз ошондо кайсыл ыкмаларды пайлаландыңыз?

**Изденүүчү А.М.Омурова:** Илимий иштин методикасын иштеп чыгууда келечекте спорт багытындагы адистиктерге ээ болуучу студент жаштардын кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу максатында бир катар методдорду жана ыкмаларды иштеп чыгып, окутууга сунуштадык. Мисалга алсак, алар: салттуу, традициялуу окутуунун методдору жана ыкмалары, ошону менен бирге эле интерактивдүү заманбап окутуунун методдору жана ыкмалары, же болбосо, студенттердин оозеки кеп ишмердүүлүгүн (монолог, диалог, полилог ж.б.) калыптаныруучу методдор жана ыкмалар, студенттердин жазуу жүзүндөгү кеп ишмердүүлүгүн калыптаныруучу методдор жана ыкмалар, улуттук оюндарды окутуу процессинде студенттердин оозеки, жазуу кеп ишмердүүлүгүн калыптаныруучу методдор жана ыкмалар, кыймылдуу оюндарды окутуу процессинде студенттердин оозеки, жазуу кеп ишмердүүлүгүн калыптаныруучу методдор жана ыкмалар ж.б. у.с.

**Окутуучу У.К. Тажибаева:** Дене тарбия багытындагы студенттердин сөздүк корун байытуу аркылуу кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн дидактикалык принциптери, педагогикалык критерийлери жөнүндө айтып берсеңиз.

**Изденүүчү А.М.Омурова:** Дене тарбия багытындагы студенттердин сөздүк корун байытуу аркылуу кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн дидактикалык принциптери, педагогикалык критерийлери катары биз илимий ишибизде буга чейин эле жалпыга белгилүү окутуунун илимийлүүлүк принциби, окутуунун жеткиликтүүлүк принциби, окутуунун теория менен практиканын байланышы принциби, окутуунун системалуулук принциби, окутуунун жеңилден оорго карай принциби, окутуунун турмуш менен байланыштыруу принциби, окутуунун ыраттуулук принциби, ошону менен бирге жеке предметтик принцип, критерийлерди да жетекчиликке алдык.

**Окутуучу К.Ө. Кайыпова:** кыргыз адабияттан мурунку муундун өкүлдөрүнүн чыгармаларын пайдаланыптырсыз, жаңы муундагы акын-жазуучулардын чыгармаларынан программаңызга киргиздиңизби?

**Изденүүчү А.М.Омурова:** Албетте, кыргыз адабияттан мурунку муундун өкүлдөрүнүн чыгармалары менен бирге эле жаңы муундагы акын-жазуучулардын чыгармаларынан азыркы муундун акын жазуучулардан да киргизилди. Мисалы, Э.Ибраев, А.Жакшылыков. ж.б.

РЕЦЕНЗЕНТТЕРДИН ПИКИРЛЕРИ ЖАНА ИЗДЕНҮҮЧҮНҮН ЖООБУ

1-рецензент п.и.д., профессор Б.С.Чокошеванын пикиринин толук варианты токтомго тиркелди.

**П.и.д., профессор Б.С. Чокошеванын** изденүүчүгө карата сунуштары: бул жетишкендиктер менен катар, төмөнкүдөй мүчүлүштүктөр кездешет:

1-ден, Дене тарбия багытындагы студенттерге кыргыз тилин окутуп-үйрөтүү практикалык курс катарында жүргүзүлгөндүктөн, практикалык багыттагы дидактикалык материалдар, мисалы көнүгүү-машыгуулардын системасы, атайын практикалык сабактардын иштелмелери ж.б. материалдар дагы арбыныраак болуусу абзел.

2-ден, Орус тилдүү аудиторияларынын студенттери үчүн окуу иштелмелерди дагы жетиштүү иштелип чыгышы керек. Иште стилдик жана грамматикалык мүчүлүштүктөр кездешет.

3-дөн, Студенттердин жалпы предметтик, коммунативдик компетенцияларын калыптандыруу багытындагы дидактикалык окуу материалдарын иштеп чыгуу зарыл.

Бирок, бул аталган мүчүлүштүктөр иштин жалпы мазмунуна кедергисин тийгизбейт.

Изденүүчү Омурова Айна Молдогазиевнанын «Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы» аттуу темадагы 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык эмгегин жактоого сунуш кылабыз.

**П.и.д., профессор Б.С.Чокошевага** карата изденүүчүнүн жообу:

1-ден: Жогоруда айтылган эскертүүлөрдү эске алауу менен дидактикалык материалдар менен көнүгүү-машыгуулардын системасын, атайын практикалык сабактардын иштелмелерин иштеп чыктык жана 1-2-курстун студенттерине арналган окуу колдонмосу жазылууда.

2-ден: Албетте, орус тилдүү аудиторияларынын студенттери үчүн окуу иштелмелерди жазуунун үстүндө иштеп жатабыз. Иште стилдик жана грамматикалык мүчүлүштүктөрдү карап, оңдоп чыктык.

3-дөн: Бул сунушуңуз абдан туура сунуш, анткени студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүдө коммунативдик компетенцияларын калыптандыруу багытындагы дидактикалык окуу материалдарын иштеп чыгуунун зарылдыгы практикалык сабактарда абдан керек, кеп ишмердүүлүгүнүн угуу, жазуу, сүйөө, көрүү бардык багыттары боюнча көнүгүүлөр системасын жазылууда.

2- рецензент п.и.д., профессор Ж.А.Чымановдун пикиринин толук варианты токтомго тиркелди.

**П.и.д., профессор Ж.А.Чымановдун** изденүүчүгө карата сунуштары: изилдөөдө ырааттуулук, системалуулук бар, ой- сунуштарды айтууга алгылыктуу далалаттар жасалган. Изденүүчүнүн бул аракеттерин колдоп, кийинки талкууга чейин төмөнкүлөрдү карап чыгуусун каалайт. Бир катар

төмөнкү суроолорду жаратып турат.

1. Иштин киришүү бөлүмү толугу менен кайра иштеши зарыл (конкреттүүлүк жок, чаржайыт); 2. 1-глава 1-пункту да толугу менен кайра иштөөсү керек.( конкреттүү, нормативдик документтер боюнча). 3. 2.1. толукталышы керек ( кандай формалар жана ... эмне үчүн). 4. 2.2.,2.3. конкреттүү зарыл ( сабактын үлгүлөрүн берүү жакшы бирок жетишсиз). 5. 3-глава 1-пункту ал жерде ... ал 2-главага келиш керек, бул пунктагы тема дээрлик ачылган эмес. Сөз конкреттүү окуу программасын өзгөртүү тууралуу болушу шарт.

6. Эксперименттик иштерди кайрадан иштеп чыгуу зарыл. Максат так коюлган эмес.
7. Этаптарда " кеп маданияты" деп(130-бет) берилиши натуура.
8. Адабияттардын катар номери иштеги номерлер менен дал келбейт.
9. Адабияттардын берилиши толук эмес, каталар бар.

Жогорудагы кемчиликтерди оңдоо менен коргоого сунуш кылам.

**П.и.д., профессор Ж.А.Чымановдун** сунуштарына карата изденүүчүнүн жообу:

1. Жогорудагы кемчиликтерди жоюу максатында иштин киришүү бөлүмүн толугу менен кайра иштеп чыктык, конкреттештирдик, чар жайыттыкты иретке келтирдик.

2. Экинчи берилген суроо боюнча конкреттүү нормативдик документтер КМДТжСАнын мамлекеттик стандартына кыргыз тили жана адабият сабагы боюнча өзгөртүүлөрдү киргизилди. Билим берүү министирлиги тарабынан иштелип чыккан концепциясындагы деңгээлдер боюнча окутуу эске алынды, дене тарбия багытындагы студенттерди деңгээлдер аныкталып С1-С2 деңгээлдери менен кеп ишмердүүлүгүнүн сүйлөө, угуу, жазуу, окуу багыттары боюнча сөз өстүрүү иштери такталды.

3. 2-главанын 1-параграфы толукталып, иштелип чыкты

4. Диссертацияда сабактын үлгүлөрү, биздин оюбуз боюнча, жетишээрлик берилген. Эгерде, дагы кошумчалай турган болсок, анда, диссертациянын көлөмүнө туура келбей калаары анык.

5. Биз мурда калыптанып калган окуу программасын толук түрдө өзгөртө албайбыз. Болгону айрым толуктоо, кошумчаларыбызды сунуштай алабыз.

6. Педагогикалык эксперименттин материалдары кайрадан каралып чыкты.

7. Биздин оюбуз боюнча, кеп маданияты менен кеп ишмердүүлүгүн эки башка бөлүп карай албайбыз. Эгерде студенттер биз окутуп жаткан кыргыз тили дисциплинасынан мыкты кеп ишмердүүлүгүнө ээ болсо, ал бара-бара кеп маданиятына айланат деген ойдобуз.

8. Адабияттардын номерлери такталды.

9. Адабияттар каралып чыкты.

**Төрайым п.и.д. профессор М.Х. Манликова:** Уважаемые коллеги, поступило предложение завершить задавать вопросы к соискателю и перейти

к обсуждениям. Кто за это предложение, проголосуйте, пожалуйста, поднятием руки. Жогорудагы берилген суроолор жетиштүү болгондуктан добушка коюлду.

"Макул" – баары - 18, "каршы" - жок, "калыс" - жок. Бир добуштан кабыл алынды.

## ТАЛКУУДА ЧЫГЫП СҮЙЛӨГӨНДӨР

**П.и.к., доцент М.К. Саралаев:** Изденүүчүнүн илимий иши актуалдуу, жаңылыктары бар жана практикалык мааниси бар теманын үстүндө иштегени көрүнөт, бу дагы маанилүү. Изилдөөнүүн илимий ыкмаларын пайдаланып атакрганы айкын. Дене тарбия академиясынын студенттерине кеп ишмердүүлүк жактарын өнүктүрүүгө жакшы шарт түзүлгүдөй маалыматтар орун алган. Диссертациянын тексттери сабаттуу жазылган. Илимий изилдөөдө бир нече ыкмалар пайдаланылган, дене тарбия жана спорт боюнча адабияттары толук кандуу пайдаланга, бир нече жылдар боюу көйгөйлүү маселе изилденип, жыйынтыкталган.Илимий темасы боюнча 14 макала, алардын экөө чет өлкөдө басылып чыккан. Бир топ маалыматтары график, сүрөттөр аркылуу берилген. Диссертация талапка жооп берерлик жазылган.

Текстин көлөмү – 150 бет экен. Адабияттын тизмеси 131 аталмалары берилиптир. Дене тарбия жана спорт адабияттары аз берилген. Менимче толуктоо керек. (Биз сунуштайбыз). М.Саралаев. Биздин академиянын адистеринин эмгектерин адабияттын тизмесине кошуу керек деген пикирдемин. Бул ишти короого сунуштаса болот.

**П.и.к., доцент КРнын дене тарбия жана спортуна эмгек сиңирген ишмер К.У. Мамбеталиев:** *Эң биринчиден* илимий иштин керектүүлүүгү ишенимдүү түрүндө шексиз десе болот. Мындай ишеним жок дегенде эки себеп аныкталып эки багытты камтыйт. Биринчисин жалпы багыт десек болот. Белгилүү болгондой азыркы мезгилде мамлекеттик тилди өнүктүүрү аракеттер, иш чаралар ар кандай денгелде, формаларда колдо көрүшү анык. Албетте бул формалардын арасына илимий изилдөлөрда кирет. Демек каралып жаткан диссертациянын жалпы керектүүлүгү анык. *Экинчиден,* автор тил көйгөйүн биздин академияга тиешелү кызык маалымат менен биринчи бапта жакшы көрсөтө алган. Мисалы академия жаралган мезгилинен - 1955ж, көз карандык эмес мезгилге чейин кыргыз тилин окутпаганы. Азыркы күндө окуу саттарын аздыгы жана оку-методикалык материалдардын У.К. Тажибаеванын жана М.Х. Манликованын иштери менен чектелгени.ж.б. маалым.Сунуш катары – кайсы жылдан баштап студентерди кыргыз тилгё окута башталганын тактап иште көрсөтсө туура болмок эле.

Мындан тышкары айтып кетчү нерсе, мамлекеттик тилдин пайдаболушунун негизги этаптарын көрсөтсө болмок. Мисалы СССРдин "О суверенности союзных республик", Кыргыз ССРин тил жөнүндо мыйзам ж.б. Анткени 70 жыл кыргыз тилди окутпай жүрүп, бир күнү жөндөн окута бий жокпузда. Айтылган ж.б. (мисалы Мамлекеттик тилди өнүктүүрү концепциясы) документер кыргыз тилдин мамлекеттик тилге өнүгүп

өткөнүнүн саясый негиздери катары көрсөтүү диссертациянын керектүүлүгүнүн деңгээли бир топ жогорулатат эле.

Иштин керектүүлүгүнүн экинчи багыты болсо, түздөн түз диссертациянын предмети жана объектиси билдирет. Анткени педагогтун, анын ичинде дене тарбия жана спорт тармагынын адистери - мугалим, машыктыруучу болобу же спорттук калыс, уюштуруучу болобу алардын кеп маданияттуулугу, ишмердүүлүгү, сөз байлыгы абдан манилүү. Эки сөз менен айтканда биздин кесипте кеп ишмердүлүк бул педагогтун каражаты да, усулу да болот. Көркөмдөп айтсак кеп ишмердүлүк педагогтун жүзү, аты же сапардык карточкасы (визитная карточка) деп бекеринен айтылбайт.

Чындыгында эле окутуучу менен машыктыруучу студенттерге, спортчууларга билим-маалымды, каталарын ондо жолдорун ж.б. маалыматтарды биринчиден сөз аркылуу берет. Андан бөлөк каражаттар менен ыкмалар анадан кийин кошулат. Балким айрымдарга белгилүү Бенилюкс мамлекеттеринде (Бельгия, Люксембург, Нидерланд) бир топ билим берүү мекемелерде, педагогту ишке алуу учурда кесиптик тестирлөлөргө чейин талапкерлер маек-сынактан (орус. собеседование) өтүшөт. Бул сынактын мааниси - талапкердин жалпы дүйнө таанымын (орус. - мировозрение), сөз чеберчилигин, кеп ишмерлигин, кеп маданияттыгын жалпы маданияттыгына теңеп педагокко биринчи баа берилет. Андан кийин талапкерлер бөлөк сынактарды, тестерди өтүш үчүн ээ болот. Дагы бир көңүлгө ала турган нерсе бул биздин студентерибиздин азыркы, чыныгы кеп ишмердүүлүгүнүн деңээли, ачык айтканда жакышылыкты эле каалайт. Ошондой эле диссертациянын керектүлүгүүнүн дагы бир кыры – бул иштелип чыккан материалдардын академиянын бөлөк ЖОЖун “Дене тарбия” кафедралардын мугалимдерине да керектүүлүгү. Жогоркунун негизинде алдын ала төмөнкү тыянак чыгарып койсо болот.

1. Иштин керектүүлүгү жогоруу баага ээ.
2. Муну менен бирге берилген ой-пикирлерди кайрадан

редакциялап, күчтөтүп көрсөтсө болот. Мисалы студентердин кеп ишмердүүлүгүн терең изилдөө туура көрүнөт. Ага баа берип, деңгээлин тактап, талдоо жургүзүп, эбеп-себептерин таап акырында эмне кылышын сунуштап же багыттарын аныктаса болот эле.

Муну аткарыш үчүн убакытта, уюштуру мүмкүнчүлүктөр да бар деп ойлойм.

Мындан тышкарыиштинилимий жаңылуулуктары менен теоретикалык баалуулуктарынын үчүнчү пунктан алып, иштин маанисине тиешелүү иштин тажрыйбалык бөлүмүнөкоторсо тураа көрүнөт.

Анан дагы коргоого көрсөтүлгөнбиринчи жобону, биздин оюбузча иштен алыпташтаса болот же “жобо” түшүнүгүнүн нугунда редакциялап чыгыш керек.

Диссертациянын экинчи бапында, студентердин кеп ишмердүүлүгүн кыргыз элдик оюндарын каражат катары колдону жолдору көрсөтүлгөн. Бул абдан туура анткени иштин көмөкчү мүнөзүн көрсөтүп жатат (орусча прикладной характер работы).

Муну менен бирге, дене тарбия жана спорт адистеринде төмөнкү суроо пайда болушу мүмкүн. Дене тарбия жана спорт системасы абдан бай, көп багытту социалдык, маданияттык жана педагогикалык система. Ал системаны төмөнкү бөлүктөр түзөт: мектептеги жана же бөлөк окуу жайлардагы дене тарбия; тиричилик же үй-бүлөлүк; көмөкчү; адамдын организимин өз калыбына келтирүчү дене тарбиянын түрлөрү ж.б.

Спорт болсо олимпиадалык, олимпиадалык эмес, кесиптик, улуттук, шоу-коммерциялык ж.б. түрлөргө бөлүнөт. Анан ушундай бай *түрлүктөн* бир гана улуттук оюндар менен чектелген студентердин сөз байлыгынын, кеп ишмердүүлүгүн түзүлүүшүнө келечектеги кесиптик ишмердүлүгүнө азыдык кылбайбы?Албетте бул жеке эле ой-пикир, бирок мындай суурого коргоо учурунда талапкер даяр болушу абзел.

Эми иштин этабына жараша кандайдыр редакция керек болушу мүмкүн. Айтылып жүргөндөй – сын пикирдин баркы, балуулугу сунуш менен билинет деп төмөнкүнү сугуштаса болот.Биринчиден дене тарбия системасынын түрлөрүн көрсөтүп, андан кийин эмне себептер менен улуттук оюндар тандалганын негиздеп кетүү тура болотко. Биздин оюбузча буга себеп объектин өзгөчөлүгү болушу мүмкүн – студентер педагогика жана улуттук спорттун түрлөру факультетинен болушчу же көпчүлүгү болушу.Кошумча дагы бир фактор – бул мамлекеттик тилде жарыкка чыккан окуу китептердин аздыгы ж.б. Дагы бир сунуш диссертацияга ылайыкту, тиешелүү жеринен бир шилтеме жетишпегендей көрүнөт бул Академиянын кызматкерлери менен А.М. Наралиев менен М.К. Саралаевдердин жалпы редакциясында жарык көргөн "Дене тарбия жана спорт сөздүгү" туура болот эле.

Математиканын статистикалык методдорун колдондук деген сөздүктү кеңири көрсөтүш керекго, кайсы ыкмалар, кайсы көрсөткүчтөр колодонулду – арифметикалык орто көрсөткүчү; анын катасы ж.б., керек болсо аларды чыгаруу формалары же программаларды атап кетиши илимий иштердин адаты эле же бул маалыматты таптакыр алып таштагыла.Мисалы авторефераТа статистикалык методдордун керектүүлүгү көрүнбөйт. Демек, мода катары эле айтылып калганбы деген ой пайда болушу мүмкүн.Иштеги сүрөттөрдө ж.б. көрсөтмө материалдарда тагырак берсе иш мындан утмак эле, даражасы көтөрүлмөк

Изилдөөнүн негизги натыйжалыры боюнча төмөнкү сунуштар бар. Экинчи пункту биринчи пунктка кошсо же алып таштаса болот. Тажрыйбалык сунуштар боюнча: 1. Тажрыйбалык сунуштарды нугунда редакциялоо. 2. Номур 1, 2, 10, 11 пункттарды бул жерден алып, редакциялап иштин бөлөк бөлүктөрүнө кошсо турат болот. Мисалы 11 пункту диссертациянын жаңылуулуктарында орун алганы он. 3. Номур 4, 5, 6 пунткарды тактык талабына келтирүү (конкретик) жагынан редакциялоо туура көрүнөт.

Жогоруда каралгандын негизинде Омурова Айна Молдогазиевнанын "Дене тарбия багытындагы студетердин кеп ишмердүүлүгүн өстүүрүнүн методикасы" темадагы диссертациясынын автореферати коюлган талаптарга

жооп берет. Көрсөтүлгөн кемчиликтер менен сунуштар болсо иштин артыкчылыгын төмөндөтпөйт жана автордун көз карашына тиешелүү аларды оңой ондосо болот. Демек автор даярдаган диссертация келерки дайындоо сынактарынан өтүүгө сунушталат.

**П.и.к. Н. А . Абдыбекова.:** Изилдөөнүн методдорун 2-главага берип, ал эми окутуунун методдорун 3-главада так, даана берилсе, жакшы болмок. Иштелип чыккан программа, көнүгүүлөр системасы, иштелип чыккан методдор практикалык маанилүүлүгүн жогорулатат. Педагогикалык шарттар иштелип чыккан деп айттыңыз аныктап берип, ачып берилсе. Изилдөөнүн жаңылыгын, практикалык маанилүүлүгүн милдеттер менен корутундада конкреттештирүү керек.

**Окутуучу У.К. Тажибаева.:** Изденүүчү Омурова Айна Молдогазиевнанын аталган темадагы диссертациясы толук бүткөрүлгөн, өз алдынча аткарылган илимий изилдөө болуп эсептелет. Бул диссертациялык иш дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун башкы багыттары иштелип чыгып, практикага сунушталган.

Иштин апробацияланышын тастыктаган автордун эмгектеринин саны жана сапаты кандидаттык диссертацияларга жүктөлгөн талаптарга жооп берет. Жактоого коюлган негизги жоболор илимий жактан туура жана негиздүү.

Диссертациядагы берилген сүйлөмдөр сапаттуу, ой-пикирлери негизинен логикалуу. Иштин натыйжаларын практикада колдонууга болот. Иштин маани-маңызы толук түрдө жалпы окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистигине (13.00.02) дал келет.Диссертациянын авторефератында илимий эмгектин мазмунун толук чагылдырылган.

Изилдөөнүн жыйынтык-натыйжалары 13.00.02 –окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) илиминдеги жетишкендик катары мүнөздөөгө толук татыктуу. Ишти коргоого сунуштаймын.

**Төрайым п.и.д., профессор М.Х Манликова:**

**Омурова Айна Молдогазиевнанын** «Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы» аттуу темадагы 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин бүтүмү:

## БҮТҮМ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**: азыркы учурда замандын талабына ылайык көп тараптан өнүккөн, чыгармачыл, өз эне тилин урматтап-сыйлаган, адептүү сүйлөө маданиятына ээ, мекенчил, тилди, маданий-асыл дөөлөттөрүбүздү сактап кала турган адептүү жаштардын сөздүк байлыгын

кеңейтүү жана тилдик-коммуникативдик кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы иштеп чыгуу милдети турат. Диссертациялык изилдөөнүн теориялык-методологиялык негизи болуп кеп маданиятынын жана искусствосунун ар кандай аспекттери боюнча белгилүү ата мекендик жана чет элдик педагогдордун, философтордун, лингвисттердин, психологдордун илимий идеялары (Б.И.Головин, К.С.Горбачевич, В.Г.Костомаров, С.И.Ожегов, Л.И.Скворцов ж.б.), окутууга болгон системалуу жана инсандык-ишмердүүлүктүк ыкма (А.А.Леонтьев, С.Л.Рубинштейн), кептик ишмердүүлүктүн психологиялык теориясы (Л.С.Выготский, А.А.Леонтьев, Н.Н.Жинкин), акылдык иш-аракеттерди этап этабы менен калыптандыруу теориясы (П.Я.Гальперин), педагогикалык ишмердүүлүктүн түзүлүшүнүн психологиялык концепциясы (Н.В.Кузьмина), спорттук-педагогикалык кадрлардын профессионалдык ишмердиги жана кесиптик билими (Н.В.Киршева, И.Х.Корбер, И.Ю.Люлевич, Т.А.Маркина, В.И.Маслов, С.Д.Неверкович, М.В.Прохорова, И.Н.Решетень, О.П.Топышев, Н.Н.Чесноков ж.б.) саналат.

Ал эми ата мекендик жалпы педагогикалык, методикалык маселелер боюнча көрүнүктүү окумуштуу-педагогдор, методисттер, окутуучу-профессорлор, академиктер И.Б.Бекбоев, Э.Мамбетакунов, Д.Бабаев, А.Мамытов, Ж.Байсалов, Ж.Каныметов, С.Калдыбаев кыргыз тилин жана алабиятын окутуунун методикасы боюнча К.К.Сартбаев, А.Осмонкулов, Б.Өмүралиев, К.Д. Добаев, Н.Ишекеев, Ж.А.Чыманов, С.Байгазиев, А.Муратов, К.А.Биялиев, С.Момуналиев, С.К Рысбаев, В.И.Мусаева, М.Х.Манликова, С.Т.Батаканова, Н.Ахметова, А.Мукамбетова, С.Сакиева, Ж. Дүйшеев Ү. Култаева, А.Мусаев, Б.Акматов, өздөрүнүн илимий-методикалык эмгектерин, окуу-методикалык куралдарын, монографияларын жазышкан.

Булардан башка биз дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп маданиятын өстүрүүдө улуттук спорт жаатындагы эмгектерге таянууга туура келди. Булардан тышкары совет бийлиги учурунда кыргыз элинин улуттук оюндарын изилдөөдө бир канча алдыга жылыштар болуп, ал тууралуу бир канча эмгектер жазылган. Орус окумуштууларынан А. П. Рожденственский (1928), С. М. Абрамзон (1946) изилдесе, кыргыздардан А.Тыныбек уулу, О.Д.Омурзаков (1958), З.Бектенов (1978) ж.б. окумуштуулардын эмгектери белгилүү. Эгемендүүлүккө жетишкенден кийинки доордо кыргыз элинин оюндарын изилдеген бир нече илимий жана популярдуу эмгектер жазылды (Токторбаев, 1991; Анаркулов, 1996; Илебаев, 2004).

Бул тармакта бир кыйла алдыга жылыш болгондугуна карабастан, спортчулардын кеп маданиятын өстүрүүдө чечиле элек маселелер бар экендигине ынандык. Спорттук педагог оозеки жана жазма адабий тилдин ченемдерин билиши керек, тагыраагы тыбыштарды айтуу, басымды коюу, грамматика, сөздөрдү пайдалануу эрежелерин билип, тууралык, тазалык, тактык, логикалуулук сыяктуу ж.б. коммуникативдик сапаттарды жакшыртууга умтулушу шарт.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу:**

- дене тарбия багытындагы студенттердин сөздүк корун байытуунун жана тилдик асыл дөөлөттөр, адамдын сак-саламатчылыгы тууралуу баалуулуктар түшүнүктөрүн учурдагы заманбап окутуп-тарбиялоо технологиясы менен тастыкталат;

- дене тарбия багытындагы студенттерге эне тилин окутуунун негизинде алардын кыргызча сөздүк кордун байытуунун кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун илимий-теориялык жана илимий-методикалык негиздери иштелип чыгат;

- дене тарбия багытындагы студент-жаштардын кыргызча сөздүк корун байытуунун педагогикалык шарттары аныкталат жана анын теориялык модели иштелип чыгып, окуу процессинде сыноодон өткөрүлөт.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү:**

- илимий иштин материалдары жогорку окуу жайларында кыргыз тилин жаңы багытта окутууда, кыргыз тилин окутуунун программаларын, стандарттарын, концепциясын, окуу-методикалык материалдарын түзүүдө, филолог эмес багыттагы студенттерди даярдоодо жана бул темага байланыштуу илимий изилдөөлөрдү улантууда пайдаланышы мүмкүн.

**Изилдөөнүн негизги мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылды:**

1. Омурова А.М. Студенттердин кеп ишмердүүлүгүнө окутуп-үйрөтүүнүн актуалдуу маселелери. [Текст] / Омурова А.М.// И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы.Бишкек, 2015,56-59 б.б.

2. Омурова А.М. Алыкул Осмоновдун дене тарбия багытындагы чыгармаларын окутуу аркылуу студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү. Ж.Баласагн атындагы Кыргыз улуттук университети.Атайын чыгарылыш. [Текст] /Омурова А.М.//Бишкек, 2015, 227-230 б.б.

3. Омурова А.М. Кыргыз акындарынын көркөм тексттеринин мисалында студенттердин оозеки, жазуу кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун айрым маселелери.И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы.[Текст] /Омурова А.М. // Бишкек, 2015, 88-91 б.б.

4. Омурова А.М. Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун инновациялык методдору. Кыргыз билим берүү академиясы Кабарлары [Текст] / Омурова А.М. // Бишкек, 2015, 292-297 б.б.

5. Омурова А.М. Дени сак муунду даярдоодо студенттердин сөздүк корун байытуу аркылуу кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн дидактикалык принциптери. И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. [Текст]/ Омурова А.М. // Бишкек, 2015, 130-134 б.б.

6. Омурова А.М. Түрк элдеринин салттуу спорттук оюндары II Эл аралык симпозиуму Кыргыз элинин кыймылдуу оюндарын окутууда студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү.[Текст] / Омурова А.М. // Бишкек, 2016.

7. Омурова А.М. Студенттердин диалогдук жана монологдук кепке окутуп-үйрөтүүнүн жолдору жана ыкмалары. [Текст] / Омурова А.М. // Бишкек, 2016.
Омурова А.М. Кыргыз тили сабагында студенттердин оозеки кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун ыкмалары жана формалары. Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын Дене тарбия жана спорт Жарчысы[Текст] / Омурова А.М. // Бишкек, 2016, 137-140 б.б.
8. Омурова А.М. Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандырууда Жеңижок менен Токтогулдун санат ырларынын окутуп-тарбиялоочулук маани-маңызы. [Текст]/ Омурова А.М. // Бишкек, 16-март, 2017-ж.402-407 б.б.
9. Омурова А.М. Дени сак муунду тарбиялоодогу адистердин жазуу жана окуу кеп ишмердүүлүгү өстүрүүдөгү дидактикалык чыгармалардын мааниси [Текст] / Омурова А.М. // Бишкек 17-май, 2017-ж.
10. Омурова А.М. Спорттун улуттук түрлөрү жана дүйнөлүк көчмөндөр оюндары: тарыхый мурас жана келечеги эл аралык илимий-практикалык конференцияда «Манас»эпосунун дени сак муунду тарбиялоо идеясынын негизинде спортчу-студенттердин сүйлөө жана жазуу кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу. [Текст] / Омурова А.М. // Чолпон -Ата, 2017, 197-201 б.б.
11. Омурова А.М. Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн кыргыз элинин чүкө менен ойнолучу оюндарын окутуу аркылуу өстүрүү. [Текст] / Омурова А.М. // Бишкек, 2018, 99-103 б.б.
12. Омурова А.М. Кыргыз элинни кыймылдуу оюндарын окутуу аркылуу дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү. [Текст] / Омурова А.М. // 2019, Самара ш.
13. Омурова А.М. Боз үй – кыргыз элинин дүйнө таанымы [Текст] / Омурова А.М. // 2019, Самара ш.
14. Омурова А.М. Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүдөгү айрым маселелер. [Текст] / Омурова А.М. // Бишкек, 2020, ВАК КР Бишкек ш.

**Төрайым п.и.д. , профессор М.Х. Манликова:** Предлагаю перейти к голосованию. Поступило предложение – данную работу рекомендовать к защите. Кто за то, чтобы одобрить диссертационную работу **Омуровой Айны Молдогазиевны** на тему: Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы» на соискание ученой степени кандидата педагогических наук.

Жогорку айтылгандардын негизинде бүтүм добушка коюлду. “Макул”- баары - 18, “каршы”-жок, “калыс”-жок. Бүтүм бир добуштан кабыл алынды.

**Омурова Айна Молдогазиевнанын** “Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы» аттуу темадагы 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнчапедагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин болгон талкуунун негизинде жыйын

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**Омурова Айна Молдогазиевнанын** «Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы» аттуу темадагы 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча бүтүм Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын тилдер кафедрасы менен педагогика жана психология кафедрасынын кеңейтилген жыйынындагы талкуунун жыйынтыгындагы добуш берүүнүн негизинде жактырылды. Аталган диссертацияны коргоого сунуш кылынсын.

**Жыйындын төрайымы:**
КМЖДжСАнын тилдер
кафедрасынын профессору,
педагогика илимдеринин доктору Манликова М.Х.

**Жыйындын катчысы:**
Педагогика илимдеринин кандидаты Абдыбекова Н.Н.